**УДК 821.512.154**

**Турсунбек кызы Динара,**
Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук
университети магистранты

**Турсунбек кызы Динара**
Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына

**Tursunbek kyzy Dinara**
Kyrgyz National University named after J.Balasagyn

# ТОКТОГУЛ САТЫЛГАНОВДУН ӨМҮРҮ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН СОВЕТ ДООРУНДА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫНАН

# ИЗ ИСТОРИИ ИССЛЕДОВАНИЯ ЖИЗНИ, ТВОРЧЕСТВА ТОКТОГУЛА САТЫЛГАНОВА В СОВЕТСКОЕ ВРЕМЯ

# FROM THE HISTORY OF LIFE AND WORK STUDY OF TOKTOGUL SATYLGANOV DURING THE SOVIET ERA

***Аннотациясы:*** *Бул макалада акындын өмүр баяны, айрым чыгармалары өзүндөй болбостон өзгөрүп, бурмаланып келгени жөнүндө, алгачкы изилдөөчүлөр жөнүндө да сөз болот. Макала илимий чөйрөгө, изденүүчү жаш адистерге, улуу акындын өмүрү жана чыгармачылыгына кайдыгер карабаган жалпы эле окурмандарга арналат.*
***Түйүндүү создор:*** *комуз,тарых,оозеки,чыгарма,окумуштуу, доор.*

***Аннотация:*** *В данной статье идет речь об искажении биографии поэта, некоторых его произведений и о первых его исследователях. Статья посвящена научной среде, молодым специалистам, находящимся в поиске, и всем тем читателям, которые неравнодушны к жизни и творчеству великого поэта.*
***Ключевые слова:*** *комуз, история, устно, произведение, ученый, эпоха.*

***Abstract:*** *This article is also referring to the distortion of poets biography of the, some of his works and his first researchers. The article is devoted to the scientific environment, to young specialists who are in search, and to all those readers who are not indifferent to the life and work of the great poet*
***Key words:*** *komuz, history, orally, work, scientist, era*

Токтогул сыяктуу элдин рухий көрөңгөсүн өз боюна тутуп, аны кылымдардан кылымдарга өткөрүп сактап келген акылман-даанышмандарды, муундар аралык байланышты үзбөй, аларды алыс турган мерчемдер аркылуу байланыштырып турган «тарыхый-эстетикалык көпүрөлөрдү» кыйратып, жаңыларын курдурбоого көп аракеттер болгонун ушул эле Токтогул ырчынын соңку совет мезгилиндеги адамдык-акындык тагдырынан, ага болгон протекциялык мамиледен улам билсек болот. Натыйжада, жогоруда белгиленип өткөндөй аны (Токтогулду) ооз жүзүндө дүңгүрөтө көтөрө чалыпмак тоого алып, иш жүзүндө анын чыныгы жүзүн жетикатар жердин караңгы түбүнө көмүп, бизге өзүнүн тубаса өңү-түсү өзгөргөн, чыгармаларынын маани-маңызы бузулуп, бурмаланган Токтогулду таанытууга жан-алы калбай күрөшө беришкен. Акыр аягында өткөн XX кылымдын 70-жылдарынан баштап кадимки кыргыз элинин улуу акыны Токтогул Сатылгановдун адамдык жана акындык тагдыры орду толгус бурмалоолорго дуушар боло баштап, кийин соңунда жергиликтүү эл өзү бул

адамды, улуу акынды даана таанымбай,бүдөмүк, бурмаланган түшүнүктөр менен алмаштырып, чаташтыра башташкан. Ошондон улам, кийинки жаш муундар бул адам жөнүндөгү чындыкты билбей, андан атчабым алыстай берген. Бул ачуу чындыкты кеч да болсо моюнга алып, улуу акыныбызды чын эле азыркы кыргыздар жеткиликтүү билбей келгендигибиз жөнүндө Кыргыз УИАсынын мүчө-корроспенденти, ф.и.д. профессор Осмон Ибраимов да белгилеп көрсөткөн экен: «Биз, кыргыздар, башка болсо да Токтогулду, анын өмүр таржымалын, чыгармачылыгын, татаал тагдыры нжетишээрлик эле билебиз деп ойлоп келебиз. Чынында эле мектептен, алган эмес бала бакчадан баштап жогорку окуу жайларына чейин Токтогул тууралуу канча маалыматтар окулат, аты аталат, ырлары жатталат, күүлөрү менен санаттары угулат. А бирок дале болсо Токтогул тууралуу маалыматтарыбыздын биртоп тайкы экени, анын өмүрү тууралуу бир катар маанилүү фактыларды билбей жүргөнүбүз кийин билинди». [1]Мындай кейиштүү көрүнүш бүгүнкү күндө бир эле  Токтогулга эле тийиштүү болбостон улуу муун акын-ырчылардын көбүнө таандык десек жаңылыштык болбойт. Түзүлгөн мындай жагдайды аңдап-түшүнүүдө эки нерсе эск еалынуусу зарылго деп ойлойбуз. Биринчиси, чыгармачылыгы толук ачылбай, ал чыгармачыл адам жөнүндө коомчулукта кеңири маалымат жок.

Чын эле эч ким билбейт. Тунук булактын көзүн убактылуу чөп-чар, кум-таш басып, калгандай элес калтырат. Демек, ал булактын көзүн ачса, ал элеге кызмат кылып, чаңкагандардын суусунун эртели-кеч кандырат. Экинчиси, элге аты-жөнү талант-шыгы дайын болуп, андан башкалар таасирленип, чыгармачылыктын өзүнчө мектебин түзүүгө чейин жетип калган чоң өнөрпоз, залкар инсандардын элибиздеги ээлеген ордун соңку адамдар, көбүн эсе жеткечилер жакшы түшүнүп, баалоого кудурети жетпей, ал инсанды катардагы эле карапайым адам деңгээлине түшүрүп коюу менен аны эл эсинен, тарых бетинен биротоло өчүрүп салуу иш-аракети да бизде орун алып келатканын айткыбыз келет. Мындай ниет-тилектин айрым адамдар тарабынан ачык да, жабык да формада жүргүзүлүп келгенин соңку адабий-турмуштук окуялар, кейиштүү көрүнүштөр айкындап жатат десек ашык болбойт.

Улуу акын Токтогул Сатылгановдун өмүрү, чыгармачылыгын изилдөө, жыйноо жана өзүнчө жыйнак кылып, жарыкка чыгаруу иши өткөн кылымдын 30-40-жылдарына туура келет. Бул багытта ишти өз колуна алып, алгачкы кагаз бетине түшүрүү, жарыкка чыгаруу иштери улуу акындын жердеши, көрүнүктүү акын жана драматург, коомдук ишмер, маркум Жоомарт Бөкөнбаевдин жеке аракетине таандык экенин кыргыз коомчулугу билет десек болот. Токтогулга окшогон улуу таланттардын чыгармаларын эл оозунан жыйноо, аларды өзүнчө китеп кылып чыгаруу жана алардын соңку жазма адабиятка болуучу таасири жөнүндө көп улуттуу совет адабиятынын негиз салуучуларынын бири А.М.Горький 1934-жылы СССР Жазуучулар Союзунун I съездинде жасаган баяндамасында так, таасын белгилеп көрсөткөн. Орус адабиятчысы Лев Пасынков булар жөнүндө төмөнкүлөрдү белгилейт: «1933-жылы Алексей Максимович Горький Токтогул жөнүндөгү кабарды угуп, Токтогулдун карагай кыйган балта менен кыргыз комузун чаап, анын коштоосунда кыргыз-орус достугун даңазалап ырдаганын, «орус күүсүн» комузга салып черткенин укканда, муштумдарын түйүп, түйүлгөн муштумдарын тизесине матап, ага сыймыктанып жана кубанып, көз жашын көлдөтүп ыйлаган…»[2]Ошол I съездде авар элинин ашугу Сулейман Стальскийге сөз берилип, ал өзүнүн ырын түз эле президиумдан чыгып окуйт, жалындуу, ары жандуу сөзүн эл алдында зор эргүү менен айтат. Анын сөзү А.М.Горькийге өзгөчө таасир эткендиктен пролетариаттын улуу жазуучусу ушул сабатсыз акылдуу, парасаттуу ашуг жөнүндө тамшана сүйлөп, жазып, аны «XX кылымдын Гомери» деп баалайт. Ошол эле учурда улуу жазуучу элдик поэзиянын анык берметтеринен болгон мындай адамдарды сактоо жөнүндө бүткүл жер жүзүнө жар салат.[3] Кыргыздар да бул съездден келген соң С.Стальскийге окшош чыгармачыл адамдарды жер-жерлерден издей башташат. Эл ичинен сурамжылап көрсө алардын алдыңкы сабында өз убагында падышалык бийликтен катуу кордук көргөн, комузчу десе комузчу, төкмө десе төкмө, алтымыштан

ашык шакирт даярдаган Токтогул турат экен. Атактуу акындын адамдык жана чыгармачылык зоболосун дагы бийик көрсөтүү максатында аны «демократ», «композитор» деген сапаттык белгилерди кошо көрсөтүп, Кыргыз ССРинин БАКтын Президиуму «Кыргыз эл акыны Токтогул Сатылгановдун 70 жылдыгын белгилөө туурасында» Токтомун кабыл алат жана Кыргызстан Жазуучулар Союзуна жана Кыргыз мамлекеттик басмасына акындын чыгармаларын жыйноону жана жарыялоону тапшырат.[4]

Ал учурда акын Ж.Бөкөнбаев чогулткан материалдар боюнча Т.Сатылгановдун туулган жылы 1860-жыл болуп жүргөн. Кыргыз Өкмөтү жана Жазуучулар Союзу Кетмен-Төбөгө жана Талас өрөөнүнө А.Токомбаев, Ж.Бөкөнбаев, Т.Үмөталиев ж.б. акындарды жиберет жана алар А.Үсөнбаев, К.Акиев, К.Досуев, А.Огомбаев ж.б. Токтогулдун шакирттерине жолугуп, алардын оозунан улуу акын жөнүндөгү бардык маалыматтарды чогултуп, бай материал жазып келишет. Булардан тышкары 1920-жылдарын аягы, 30-жылдардын башында улуу акындын өз оозунан Б.Карпыков, А.Кулукеевдер бир топ ырларды жазып алышкан болсо, алар да кийин жоголгон же т.а., жок кылынган. Улуу акындын рухий мурасын жыйноо, жарыялоо ишинде дагы бир ыңгайлуу өбөлгө жөнүндө айтпай коюуга болбойт.

Азыркы бизге жеткен маалыматтарга караганда 1930-жылдары Кетмен-Төбө районунда партиянын биринчи катчысы болуп Жумай Жылкыбаев деген адам иштеген экен. Ал киши өзү Түптүн Арал деген айылынан болуп, кыйла сабаттуу, элге алымдуу жетекчи болгон. Бул адам улуу акын Токтогул менен кезегинде жакшы санаалаш болуп, өз ара жакшы мамиледе жүрүшөт. Жумай Жылкыбаев кийин кызмат абалына байланыштуу аны Кетмен-Төбөдөн борбор калаабызга чакыртып, ал 1930-жылдардын аягында республикабыздын жерге жайгаштыруу боюнча комиссариатында жооптуу кызмат орунду аркалоо менен өз учурунда атактуу акын Токтогул менен да жакшы мамиледе болуп, ортодо чыныгы адамдык, достук, өз ара түшүнүшүү өкүм сүргөн дешет. Ал 1935-жылы Кыргыз обкомунун биринчиси катчысы М.Л.Белоцкий менен бирге Кетмен-Төбөгө иш боюнча келип, ошондо атактуу акын Токтогулдун үйүнө барып, анын үй-бүлөсүнүн абдан кыйналып жашап жатканына күбө болот. Бул үй-бүлө жана улуу акындын аянычтуу тагдыры жөнүндө Ж.Жылкыбаев биринчи катчы М.Л.Белоцкийге кеңири айтып түшүндүргөн соң, ал маселени көңүл буруп тактап, андан кийин жардамчысы Блохинге тапшырма берип, акындын үй-бүлөсүнө материалдык жардам бердирип, анын адабий мурастарын эл оозунан жыйноо боюнча тапшырма берилип, маселени дагы тереңирээк кароо максатында Кыр. обкомдун бюросунда талкууланып, тийиштүү иш-чаралар так белгиленет. Ошондон кийин эле көп өтпөй алгачкылардан болуп, Улуттук Жазуучулар Союзунун төрагасы А.Токомбаев өзү баш болуп «Токтогул» деген аталыштагы макаласын [5] жазат. Буга удаа эле 1938-жылы акын Ж.Бөкөнбаевдин калеминен «Токтогулдун ырлары – элдин кенчи», «Токтогул жана Коргол ырчы», «Элдин булбулу», «Шайыр акын»,

«Эл ырчысы»; «Токтогулдун күүлөрү уурдалбасын»; 1939-жылы «ТоктогулСатылганов», «Кыргыз элинин улуу акыны», «Токтогул менен Эшмамбет», «Калык ырчынын устаты» ж.б. макалаларын жазып, басма бетине жарыялап, улуу акынды республиканын аймагынан тышкары жактарга чейин даңазалап, тааныта баштайт. Ошону менен катар улуу акынды демократ, интернационалист, революционер кылып көрсөтүү аракети да ушул жылдардан, ушул аталган адам тарабынан башталат. Жогоруда сөз болгон атайын Токтомдун негизинде жыйналган Токтогулдун чыгармалары ал кездеги саясаттын мүнөзүнө ылайык кылдат иргелип алынган соң А.Токомбаев, Ж.Бөкөнбаев, Ө.Жакишев биргелешип баш сөз жазып, китеп кылып чыгарышат.[6]Бул китептин жарык көрүшү жана андан орун алган акындын ырлары жөнүндө Ж.Бөкөнбаев өзүнчө макала жазып, [7] анда автор улуу акындын адабий мурасын өзүнчө китеп кылып чыгаруудагы айрым жагдайларга токтолуп, негизинен Токтогулдун чыгармалары текстологиялык тактоодон өтпөй туруп жарык көрүп жаткандыгына көңүл буруп, эң негизгиси, мындагы чыгармалардын идеялык алган багытына басым жасалуу менен «айрым ылайыксыз жерлери

кыскартылып калгандыгы» жөнүндө сөз болот. Ал эми Токтогул жөнүндөгү эң биринчи китеп да акын Ж.Бөкөнбаев тарабынан жазылып, [8] ал 1939-жылы эле кыргыз окурмандарынын колуна тийет. Ошол эле жылы кыргыз адабият таануу илиминде өзүнчө чоң окуя катары кабыл алынган Токтогул темасындагы жарык көргөн китептер, макалалар ошол мезгилдеги жаш адабиятчы, аспирант Т.Саманчиндин да бүйүрүн кызытса керек, Ж.Бөкөнбаевдин жарык көргөн китебине куйрук улаш эле анын да макаласы жарыяланат.[9] Батышта согуш отунун тутанышы менен Токтогул темасында да убактылуу тыныгуу өкүм сүрүп, арадан он беш жыл өткөндөн кийин аксакал жазуучубуз К.Баялиновдун калеминен улуу акындын өмүрү, чыгармачылыгына арналган дагы бир китеп жарык көрөт.[10] Ал эми акын А.Токомбаевдин калеминен жаралып, толук бүтпөй калган романы да өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Булардан кийин жогоруда сөз болгондой акындын 100 (жүз) жылдыгынын урматына көп көшөгөлүү драмалар жазылып, алар республикабыздын көпчүлүк драмалык театрларында коюлуп турду. Чын эле кыргыз эли, жалпы маданий коомчулугу бул юбилейди зор даярдыктар менен өткөрүп, эл көзүнө Токтогул абдан эле көңүлдүн борборунда тургандай, анын адамдык жана акындык тагдыры өз нугунда изилденип, соңку муундарга туура, жеткиликтүү маалыматтар берилип жаткандай элес калтырып жатты. Албетте, жарык көргөн китеп, макалалардын ички өзөгү, тутунган түпкү багыты Ж.Бөкөнбаевдин 1939-жылкы китебине карата өнүгүп, ошого жараша өз басын алып турган. Кыргыздын улуу акынынын чыгармалары согуштан кийинки жылдары орус тилинде да жарык көрүп, анын ысымы көп улуттуу совет өлкөсүнө эле дайын болбостон, анын адабий мурастары айрым чет тилдерге да которула баштады. 1945-жылы «Бүткүл союздук староста» М.И.Калинин: «Советтик түзүлүштө Жамбыл, Токтогул Сатылганов, Сулейман Стальский, Гамзат Цадаса, Феклы Беззубова, Марфа Крюкова сыяктуу элдик ырчылардын, акындардын, айтуучулардын чыгармалары кеңири таралды» - деп расмий түрдө белгилеген.[12] Ошентип, 1937-жылдан тартып 5-6 жылдын аралыгында акын Т.Сатылгановду өтө эле тездик менен көтөрүп, оозеки адабияттын орошон өкүлү, классиги катары таандык. Ошону менен катар, улуу акындын ууздай ширин ырлары, күлкү-тамашалары, терең акыл-ой терметкен санат-термелери, акындык айтыштары ар кандай деңгээлде тонолуп-буталып, улам мезгил өткөн сайын өзүнүн чыныгы өңү-түсү так ажыратылып айра таанылбай, атайын бурмалоолор, кыскартуулар менен коштолуп, эл сүйгөн акындын эки ооз ыры өзүндөй ырдалбай, жоголуп бараткан анда эч кимибиз элес алган эмес экенбиз. Улуу акын Токтогулдун чыгармачылыгын илимий мүнөздө изилдөө иши качан башталды? – деген суроо жаралат.

Токтогулдун чыгармаларын жыйноо жана жарыялоо иштери алгач жогоруда сөз болгондой акындын айылдашы, профессионалдык поэзиянын көрүнүктүү өкүлү Жоомарт

Бөкөнбаевдин жеке демилгеси менен колго алынып, кийин Ж.Жылкыбаев сыяктуу жакшы санаалаш адамдар, айрым жетекчилер (М.Л.Белоцкий) тарабынан атайын Өкмөттүк деңгээлде көңүл бурулуп, акындын адабий мурастарын эл оозунан жыйноо, китеп кылып жарыялоо жумуштары башталган болсо, анын чыгармачылыгын атайын илимий изилдөөгө алып, алп акындын адабий-эстетикалык жүзү, акындык табияты ар тараптуу ачылыш зарылчылыгынан улам илимий көз караш эң биринчи кимдер тарабынан башталды? – деген суроолор болбой койбойт. Бүгүнкү биздин илмий чөйрөнүн берген маалыматы боюнча эң алгачкы деген статусту каалайбызбы же каалабайбызбы баары бир кыргыз эли Ж.Бөкөнбаевди таанып, анын аты-жөнүн бир ооздон аташат жана ага ыйгарышат. Ошондой болсо да чыныгы илимий иш-аракет качан, кимдер тарабынан башталганын билүү да маанилүү экени эч кимге жашыруун эмес. Ошол аспектиден алганда бүгүнкү биздеги маалыматтарга ылайык Токтогул темасын эң алгач илимий иштин темасына айлантып, ал боюнча кыйла жумуштарды жасоону өз алдына негизги максат-милдет катары койгон адам – Петр Исаевич Балтин болгон. Бул адам өз убагында (согуштан кийинки жылдары-Д.) кыргыз адабияты боюнча бир топ алгылыктуу билимге ээ болуп, тунгуч аспиранттардын ичинде өзүнүн илимий-теориялык деңгээли

боюнча айырмаланган. Бирок, П.И.Балтин ошол согуштан кийинки жылдары «Манас» эпосунун элдүүлүгү боюнча болуп өткөн талкууларда ага түздөн-түз каршы чыгып, кыргыз элинин байыркы эпосу болгон «Манас» эзелтен эле бай-манапчыл, элге каршы турган, пантүркисттик жана панисламисттик идеялардын жактоочусу жана таратуучусу» - деген жалган, жасалма көз караштын тарапташы катары Ж.Самаганов, Нуровдор менен биргеликте уюшуп аракет кылган топтун (булардан башка да адамдар болгон-Д.) өкүлү катары таанылган. П.И.Балтиндин Токтогулдунчыгармачылыгына аралашып калуусу кандай шарт-максатта болгондугун азыр так ажыратып айтыш кыйын, бирок ошондой болсо да бул изилдөөчү өзүнүн ишине бир кыйла чапчаңдык менен киришип, ошол убакта көпчүлүктүн көңүлүн (илимий чөйрөдө-Д…) өзүнө бурдура алган. Албетте, бул адамдын аты-жөнү айтылган учурларда чыгармачыл адамдардын үрөйү учуп, өңү-башы өзгөрүлө түшкөндөй даражада элге жек көрүнүп калган адамды коомчулукка атайылап тааныштыруунун деле зарылчылыгы жок кезде анын калеминен кыргыз адабияты жөнүндө позитивдүү маанайдагы макаланын жазылып, жарык көрүп жатышы чын эле ошол мезгил үчүн ары таңкалыштуу, ары көңүл бурарлык көрүнүш эле. Бул жөнүндө белгилүү адабий сынчы, ф.и.д, профессор К.Асаналиев арадан алтымыш төрт жыл өткөн соң минтип эскерип олтурат: «Ушундай пафос менен магдыраган атмосферадан пайдаланайын дедиби, айтор, кандайдыр бир эсеп-кысабы бар экени чын болчу, тез эле Токтогул жөнүндө мурда такыр болбогондой, өтө оригиналдуу макалаларды биринин артынан бирин жарыялай баштады.

П.И. Балтиндин бул эмгеги эч талашы жок, Токтогулдун чыгармаларына карата болгон адабий жаңыча мамиле, жаңыча көз караш экени айгине чындык».12 Бул айтылган көз карашка карата бүгүнкү күндө Токтогулдун өмүрү, чыгармачылыгына өзүнчө өңүттөн караган адабиятчы-методист, пед.илим.докт., профессор А.Муратов мындай суроо менен кайрылат: «Андай болсо, эмнеге ал кишинин жазгандары жарыяланбай калды? Илимий сапаты начар беле? Андай дейин десең ошол эле К.Асаналиев мактап жатат, 300 бет (!) диссертациясы өзү иштеген Илимдер академиясында талкууланып, жогору баалангандыгын, коргоого сунушталгандыгын айтып жатат, «Токтогул таануудагы, деги эле акындар поэзиясын адабий таанып-билүүдөгү жаңы багыттын, жаңы методологиянын ачылышы», «эң сонун» эмгек катары эсептейт. Муну Петр Исаевичти жакшы билген, эстетикалык туюму жогору, кыргыз адабият таануусунун тарыхындагы ар кандай көрүнүштөргө сынчыл караган кишилердин эң эле башында турган адиси айтып атат. Андай болсо ошол 300 бет Токтогул тууралуу эмгек неге ың-жыңсыз болуп кетти?»[13] Мындай түзүлгөн кырдаалын башкы себеби катары сынчы К.Асаналиев диссертанаттын бир убакта «Манас» эпосуна каршы союл көтөргөн топтун ичине кирип алуусунан көрсө, методист-адабиятчы А.Муратов маселе ошондой мотив менен коштолгон күндө деле «Ырас, ал үчөө (Ж.Самаганов, П.И.Балтин, Нуров – Д…) куу союл менен кыргыз маданиятына чыккынчылык кылган, бирок ошол оор айыбы үчүн Токтогул Сатылганов жабыр тартышы керек беле?» - деген мыйзамдуу суроо менен кайрылып олтурат.Бул суроого эмне деген жооп болот? Биздин жеке байкообузда адабиятчы П.И.Балтиндин Токтогул жөнүндө жазган кандидаттык диссертациясынын түп-орду менен жоголушу эле суроо жаратпастан диссертант П.И.Балтиндин өзүнүн кара башынын 1950-жылдардын II жарымында жоголушу (Кыргызстандан кетиши) көпчүлүктүн көңүлүн өзүнө буруууга тийиш.

**Колдонулган адабияттар**

1. Ибримов О. Биз билбеген Токтогул. «Азаттык» эл аралык радиосу. Прага шаары, 2012-жыл, 25-май.
2. Кайбылда уулу Асан. Кыргыз күүлөрү. I китеп. – Б., БАУ, 2011-жыл, 657-бет.
3. Горький А.М. О литературе. Сборник. М.Госполитиздат. 1935 год, стр 400-401.
4. Постонавление Президиума ЦИК Кырг. ССР. «Об ознаменовании 70 летия со дня рождения народного певца Киргизии Сатылганова Токтогула. «Советская Киргизия», 1937 год, 12-июля.
5. Токомбаев А. Токтогул. «Кызыл Кыргызстан», 1937-жыл, 14-апрель.

6. Сатылганов Т. Ырлар. -Ф.: Кыргызмамбас, 1940-ж. 264-бет.
7. Бөкөнбаев Ж. Собранный Токтогул. «Советская Киргизия», 1940 г, 11-декабря.
8. Бөкөнбаев Ж. Токтогулдун өмүрү. -Ф.: 1939-ж, 40-бет.
9. Саманчин Т. Токтогул. «Советтик Кыргызстан», 1939-ж, №4, 5-26-беттер.
10. Баялинов К. Токтогул Сатылганов. –Ф.: Кыргызмамбас, 1954-жыл, 38 бет.
11. Калинин М.И. О моральном облике нашего народа. Москва, Госполитиздат, 1945 г, стр 14-15.
12. Асаналиев К. Адабий айкаш. Эскерме баян. -Б., 2013-жыл, 208-209-беттер.
13. Муратов А. Такталбаган Токтогул. Адабий-тарыхий изилдөө. – Б., 2014-жыл, 18-бет.